**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

---

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясы

# Т О К Т О М

02.09. 2026-жыл № 18 -1 Араван айылы

**С. Юсупова айыл аймагындагы “Бирлик” үрөнчүлүк чарбасы тарабынан дыйкандарыбызга сапаттуу жогору түшүм берүүчү үрөндөр менен камсыз кылууда алып барып жаткан иштери жөнүндө.**

С.Юсупова айыл аймагындагы “Бирлик” үрөнчүлүк чарбасы тарабынан дыйкандарыбызга сапаттуу жогору түшүм берүүчү үрөндөр менен камсыз кылууда алып барып жаткан иштери жөнүндө үрөнчүлүк чарбасынын башчысы Н.Таджибаевдин маалыматын угуп жана талкуулап, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” мыйзамынын 27-беренесине ылайык С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл аймагындагы “Бирлик” үрөнчүлүк чарбасы тарабынан дыйкандарыбызга сапаттуу жогору түшүм берүүчү үрөндөр менен камсыз кылууда алып барып жаткан иштери жөнүндө үрөнчүлүк чарбасынын башчысы Н. Таджибаевдин маалыматы эске алынсын.
2. “Бирлик” үрөнчүлүк чарбасы айыл өкмөтүнүн аймагындагы дыйкан жана фермердик чарбаларга кылкандуу дан, пахтанын жаңы сортторунан жогору түшүм берүүчү, зыянкечтерге чыдамдуу, сапаттуу үрөндөрүн даярдоодо өзгөчө көңүл буруп, дыйкандарды 100 пайызга үрөн менен камсыздоо жагы тапшырылсын.
3. Айыл өкмөтүндө каттоодо турган аз камсыз болгон үй-бүлөөлөргө пахта жана буудай үрөндөрүнөн акысыз жардам көрсөтүү жагы Н.Таджибаевге сунушталсын.
4. Үрөнчүлүк чарбасына айыл өкмөтүнүн аймагында сугат суусунун жетишсиздигин эске алып, өзүнүн эсебинен жер асты скважинасын казып, өзүнө бекитилген айдоо аянттарын сугат суусу менен камсыздоосу тапшырылсын.
5. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
6. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин агрардык, турак-жай жана муниципиалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Б.Шайымкуловго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ**
**КЕНЕШ**

---

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясы

# ТОКТОМ

02.09.2025-жыл №18 -2 Араван айылы

**С. Юсупова айыл аймагында укук коргоо жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча милициянын аймактык тескөөчүлөрү тарабынан аткарылып жаткан иштери жөнүндө.**

С. Юсупова айыл аймагында укук коргоо жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча милициянын аймактык тескөөчүлөрү тарабынан аткарылып жаткан иштери жөнүндө милициянын ага аймактык тескөөчүсү милициянын ага лейтенанты Рысбек кызы Кулпунайдын маалыматын угуп, талкуулап, сөзгө чыккан депутаттардын ой пикирлерин, суроо талаптарын эске алуу менен С. Юсупова айылдык кенеши **токтом кылат:**

1.С. Юсупова айыл аймагында укук коргоо жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча милициянын аймактык тескөөчүлөрү тарабынан аткарылып жаткан иштери жөнүндө милициянын ага лейтенанты Рысбек кызы Кулпунайдын маалыматы эске алынсын.

2. Милициянын аймактык тескөөчүлөрүнө кылмыштуулуктун алдын алууда жер-жерлердеги коомдук уюмдар эсептелген, КАБ, көчө комитеттери, аялдар кеңеши, аксакалдар соту, жамааттар менен тыгыз байланышта болуп, эл арасында кеңири түшүндүрүү иштери, профилактикалык иштерди күчөтүү колго алынсын.

3. Айыл аймагында спирттик ичимдиктерин сатуучу дүкөндөрдүн ээлерине спирттик ичимдиктерди 8.00 дөн 22.00 гө чейин сатуусу белгиленсин. 22.00 дөн кийин спирттик ичимдиктерин саттырбоо жана саткан дүкөн ээлерине мыйзам чегинде чара колдонуу жагы айыл башчыларына жана аймактык тескөөчүлөргө тапшырылсын.

4. Кылмыштуулуктун алдын алуу максатында түнкү күзөттү уюштуруп «Сакчы» тобун ишин жандандырып, аларга усулдук жардам көрсөтүү менен жаштар арасында кеңири түшүндүрүү иштерин колго алып, тегерек столдорду, практикалык окуу-семинарларды уюштуруп, аларга адистерди чакыруу менен жаштарды кылмыштуулуктан кайтарууну бардык чараларын көрүү аймактык тескөөчүлөргө, айыл өкмөтүнүн айыл башчыларына жана жаштар комитетине тапшырылсын.

5. Айыл аймагында кылмыштуулуктун алдын алуу, диний-экстремизмге каршы күрөшүү боюнча айыл тургундарынын арасында профилактикалык түшүндүрүү иштерин алып баруу жагы колго алынсын.

6. Айыл өкмөтүнө айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетине кошумча булактардан түшүүчү акча каражаттарынан Райондун борборундагы эл көп чогулуучу көчөлөргө видео көзөмөл орнотуп берүү жагы суралсын.

7. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

8. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

9. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айыл аймактык МАЫӨнө жана С.Юсупова айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**

| АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясы

# Т О К Т О М

02.09.2026-жыл №18-3 Араван айылы

**С.Юсупова айыл аймагынан бекитилген Араван АШК комиссиясынын резервдик курамына кошумча талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө.**

Араван аймактык шайлоо комиссиясынын резервдик курамына кошумча талапкерлер менен толуктоо жөнүндөгү АШКнын билдирүүсү жана сунушталган талапкерлердин тизмеси менен таанышып, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, С. Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл аймагынан бекитилген Араван аймактык шайлоо комиссиясынын резервдик курамына кошумча сунушталган талапкерлер №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
(№1 тиркеме тиркелет).
2. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
3. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Араван аймактык шайлоо комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII- чакырылышынын
кезектеги XVIII- сессиясынын
№ 18-3 токтому менен бекитилген. 1-тиркеме.

Араван районунун С.Юсупова айыл аймагындагынан бекитилген АШКнын резервдик курамына кошумча көрсөтүлгөн талапкерлердин сапаттык курамы

| № | А.А.А. | Туулган жылы датасы | ПИН | Билими | Улуту | Жыны-сы | Иштеген жери жана кызматы (факт) | Шайлоо өнөктү-дө иштеген-ги боюнча маалымат | Ким тараптан сунуш-ган (жамааты) | Дареги (факт) жашаган дарек жана тел номуру |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Апиева Динара Каримовна | 18.01.1973. | 11801197300284 | Жогорку | Кыргыз | Аял | Араван райондук балдар өнөрчүлүк мектеби, башчысы | - | ЖӨБ | Достук а/ө Мангыт айылы 0773123373 |
| 2 | Жакыпов Шергазы Турсунбаевич | 13.03.2003. | 21303200300710 | Жогорку | Кыргыз | Эркек | Араван маданият үйү, сектор башчысы | - | ЖӨБ | Чек-Абад а/ө Жакшылык айылы 0500060654 |

Төрага М.И.Мамитов

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясы

**Т О К Т О М**

02.09.2026-жыл №18-4 Араван айылы

**С.Юсупова айыл аймагынан бекитилген УШК комиссияларынын резервдик курамдарына кошумча талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө.**

С.Юсупова айыл аймагынан бекитилген УШК комиссияларынын резервдик курамдарына
кошумча талапкерлер менен толуктоо жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсү жана сунушталган талапкерлердин тизмеси менен таанышып, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, С. Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл аймагынан бекитилген участкалык шайлоо комиссияларынын резервдик курамдарына кошумча сунушталган талапкерлер №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
(№1 тиркеме тиркелет).

3. С.Юсупова айыл аймагындагы бекитилген УШК резервдик курамдарына кошумча сунушталган талапкерлердин документтерин тактоо жана даярдоо айыл өкмөтүнүн айыл башчыларына тапшырылсын.

4. Айыл өкмөтүнө участкалык шайлоо комиссияларынын резервдик курамдарына кошумча сунушталган талапкерлердин тийиштүү документтерин даярдап, Араван АШКна жөнөтүлсүн.

5. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

6. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII- чакырылышынын
кезектеги XVIII- сессиясынын
№ 18-4 токтому менен бекитилген. 2-тиркеме.

Араван районунун С.Юсупова айыл аймагындагы бекитилген УШКларынын резервдик курамына кошумча көрсөтүлгөн талапкерлердин сапаттык курамы.

| № | А.А.А. | Туулган жылы датасы | ПИН | Билими | Улуту | Жынысы | Иштеген жери жана кызматы (факт) | Шайлоо өнөктү-дө иштеген-ги боюнча маалымат | Ким тараптан сунуш-ган (жамааты) | Дареги (факт) жашаган дарек жана тел номуру |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **№ 5351 "Победа" УШК** | | | | | | | | | | |
| **1** | Кабулов Жохонгир Мангитович | 29.05.1969 | 22905196900380 | Ат орто | Өзбек | Эркек | Ж.Абурахманов орто мектеби, чарба иштери боюнча ишчи | - | Ж.Абурахманов орто мектебинин жамаатынан | Чек-Абад а/ө Көчүбаев айылы Көчүбаев көчөсү №253 үй 0554290569 |
| 2 | Мирзабекова Салияхон Абдираимовна | 03.04.1976 | 10304197600554 | Жогорку | Кыргыз | Аял | Ж.Абурахманов орто мектеби, Мугалим | 2 жыл | Ж.Абурахманов орто мектебинин жамаатынан | Октябрь айылы Эрке-Кашка көчөсү №63 үй 0778904541 |
| **№ 5582 "Кызыл-Дөбө" УШК** | | | | | | | | | | |
| 1 | Рахматова Нодирахон Бахадировна | 27.09.2007 | 12709200750111 | Орто | Өзбек | Аял | Балдар бакчасы бала багуучу | - | МЧББ "Ширинтай " | Араван айылы Б.Айдаров көч 0997270907 |
| 2 | Алимова Одинахон Латипжановна | 22.10.1993 | 12210199301295 | Орто | Өзбек | Аял | Балдар бакчасы бала багуучу | - | МЧББ "Ширинтай " | Араван айылы Бабур көч 0755001987 |
| 3 | Ахматова Шоирахон Исмоиловн | 19.02.1989 | 11902198901098 | Орто | Өзбек | Аял | Балдар бакчасы бала багуучу | - | МЧББ "Ширинтай " | Араван айылы Бабур көч 0555552548 |
| **№ 5350 " Араван" УШК** | | | | | | | | | | |
| 1 | Артикова Нигорахон Махаматжоновна | 21.06.1985 | 12106198500663 | Жогорку | Өзбек | Аял | М.Кадиров орто мектеби, Мугалим | - | М.Кадиров орто мектебинин жамаатынан | Араван айылы Новаи көч 0755378837 |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2 | Алымкулова Иродахон Хасанбаевна | 04.07.1991 | 10407199100198 | Жогорку | Өзбек | Аял | Х.Абдуллаев орто мектеби, Мугалим | - | Х.Абдуллаев орто мектебинин жамаатынан | Араван айылы Токтогул көчөсү 0559899119 |
| 3 | Турсунова Умидахон Ибрахимжоновна | 04.06.1991 | 10406199101270 | Орто | Өзбек | Аял | Жеке ишкер | - | Дыйкан чарба | Араван айылы Х.Абдуллаев көчөсү 0755550016 |
| 4 | Юсупова Кларахон Арипжановна | 20.01.1991 | 12001199100168 | Жогорку | Өзбек | Аял | Х.Абдуллаев орто мектеби, компютерчи | - | Х.Абдуллаев орто мектебинин жамаатынан | Араван айылы Х.Абдулла көчөсү 0770381598 |

**№ 5352 “Токтогул” УШК**

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Джалилова Дилнозахон Равшанбекова | 10.01.1989 | 11001198901115 | Орто | Өзбек | Аял | №112 Кесиптик Лицейи | - | №112 Кесиптик Лицейинин жамаатынан | Каррак айылы Жаннат көч 0997101005 |
| 2 | Жоробаева Нурийла Токоевна | 10.05.1984 | 11005198400161 | Жогорку | Кыргыз | Аял | №112 Кесиптик Лицейи, мугалим | - | №112 Кесиптик Лицейинин жамаатынан | Чек-Абад а/ө Көчүбаев айылы 0702883133 |
| 3 | Казаков Сарварбек Ахматжонович | 25.08.2008 | 22508200850033 | Бүтпөгөн жогорку | Өзбек | Эркек | №112 Кесиптик Лицейи, мастер | - | №112 Кесиптик Лицейинин жамаатынан | Достук а/ө Ош 3000 көч 05015226033 |
| 4 | Карина Полотбек кызы | 11.06.2004 | 11106200450140 | Жогорку | Кыргыз | Аял | №112 Кесиптик Лицейи, мугалим | - | №112 Кесиптик Лицейинин жамаатынан | Чек-Абад а/ө Тынчтык көч 0777110604 |

**№ 5521 “ А.Сайдахматов” УШК**

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мадрахимов Мухаммадазиз Мадаминжонович | 04.02.2003 | 20402200350040 | Жогорку | Өзбек | Эркек | А.Сайдахматов орто мектеби, мугалим | - | А.Сайдахматов орто мектебинин жамаатынан | Араван айылы Улукбек көч 0553399300 |
| 2 | Юлдашев Жумабай Тавакилович | 04.05.1973 | 20405197300255 | Орто | Өзбек | Эркек | А.Сайдахматов орто мектеби, Чарба иштери ишчи | - | А.Сайдахматов орто мектебинин жамаатынан | Араван айылы Т.Алимов көч 0550547117 |
| 3 | Турсунов Мухтар | 30.07.1973 | 230071973 | Ат орто | Өзбек | Эркек | А.Сайдахматов орто мектеби, мугалим | - | А.Сайдахматов орто мектебинин жамаатынан | Араван айылы Новаи көч 0551014585 |

**№ 5349 “ Октябрь” УШК**

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Козиева Зайнап Ашимовна | 20.04.1976 | 12004197600512 | Жогорку | Кыргыз | Аял | Х.Абдулла орто мектеби, Мугалим | - | Х.Абдулла орто мектебинин жамаатынан | Октябрь айылы Кызыл-Аяк көчөсү 0705058384 |
| 2 | Мамитова Айсалкын Мупалымовна | 27.05.1997 | 12705199700139 | Жогорку | Кыргыз | Аял | Кадиров орто мектеби, Мугалим | - | Кадиров орто мектебинин жамаатынан | Октябрь айылы Кызыл-Аяк көчөсү 0557461997 |
| 3 | Нарматов Зарылбек Канаатбекович | 10.06.1999 | 21006199900950 | Жогорку | Кыргыз | Эркек | Араван РЭТ кызматчы | - | Канаатбек дыйкан чарбасынан | Октябрь айылы Татты эне көчөсү 0553061099 |

**№ 5353 “ Бирлик” УШК**

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Маликова Ферузахон Абдикахаровна | 08.10.1980 | 10810198000449 | Жогорку | Өзбек | Аял | Бөбөктай МЧББ тарбиячы | - | Бөбөктай МЧББ жамаатынан | Араван айылы Артыкходжаев көчөсү 0555080702 |
| 2 | Нурдинова Фаридахон Аширалиевна | 13.02.1980 | 11302198000390 | Жогорку | Өзбек | Аял | Бөбөктай МЧББ тарбиячы | - | Бөбөктай МЧББ жамаатынан | Араван айылы Навруз көчөсү 0550500548 |
| 3 | Юнусова Хурматой Хакимжанова | 04.09.1991 | 10409199100100 | Жогорку | Өзбек | Аял | Бөбөктай МЧББ тарбиячы | - | Бөбөктай МЧББ жамаатынан | Араван айылы Улугбек көчөсү 0990300418 |

С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадиров.

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясы

# ТОКТОМ

02.09.2026-жыл №18-5 Араван айылы

**Айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун Сүтхор айылынын Токтогул көчөсүнүн №76 дарегинде жайгашкан муниципалдык менчикте турган 4240,0 чарчы метр жер тилкесине Айбек көчөсүнүн тургуну жеке ишкер Н.С.Алимов өзүнүн каражатынан балдар бакчасын курууга жана көп жылдык мөөнөткө ижарага берүүгө макулдук сурап жазган билдирүүсүн кароо жөнүндө**

Айыл аймагынын Сүтхор айылынын Токтогул көчөсүнүн №76 дарегинде жайгашкан муниципалдык менчикте турган 4240,0 чарчы метр жер тилкесине Айбек көчөсүнүн тургуну жеке ишкер Н.С.Алимов өзүнүн каражатынан балдар бакчасын курууга жана көп жылдык мөөнөткө ижарага берүүгө макулдук сурап жазган айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсүн угуп, сөзгө чыккан депутаттардын ой- пикирлерин, суроо талаптарын эске алып, Кыргыз Республикасынын жер кодексинин 21-беренесине ылайык С. Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1 Айыл аймагынын Сүтхор айылынын Токтогул көчөсүнүн №76 дарегинде жайгашкан муниципалдык менчикте турган 4240,0 чарчы метр жер тилкесине жеке ишкер Алимов Низомидин өзүнүн каражатынан балдар бакчасын курууга макулдук берилсин.

2. Сүтхор айылынын Токтогул көчөсүнүн №76 дарегинде жайгашкан муниципалдык менчикте турган 4240,0 чарчы метр жер тилкеси мыйзам чегинде каралып, жеке ишкер Алимов Низомидинге көп жылдык мөөнөткө ижарага берүүгө макулдук берилсин.

3. Айыл аймагынын Сүтхор айылынын Токтогул көчөсүнүн №76 дарегинде жайгашкан муниципалдык менчикте турган 4240,0 чарчы метр жер тилкесине жеке ишкер Алимов Низомидин өзүнүн каражатынан балдар бакчасы курууга жана аталган жер тилкесини көп жылдык мөөнөткө ижарага берүүдө С.Юсупова айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан архитектуралык-пландаштыруу, курулуш, экологиялык, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы жана башка атайын талаптарды (ченемдерди, эрежелерди, нормативдерди) сактоо менен, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жер участогунун максаттуу багытына каршы келбеген учурда жер тилкесин берүү жагы тапшырылсын.

3. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин жер, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ С.ЮСУПОВА**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ**
**КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясы

# Т О К Т О М

02.09.2026-жыл №18-6 Араван айылы

**С.Юсупова айыл аймагында 2027-жылы жалпы узундугу 7,5 км болгон жолдорго асфальт төшөөгө, мектеп, балдар бакчаларынын от казандарын жаңылоодо атайын өнүктүрүү фондорунан акча каражатын ажыратууга айыл өкмөтүнүн салымы катары 2027-жылдын жергиликтүү бюджетинен акча каражаттарын ажыратуу жөнүндө**

С.Юсупова айыл аймагында 2027-жылы жалпы узундугу 7,5 км болгон жолдорго асфальт төшөөгө, мектеп, балдар бакчаларынын от казандарын жаңылоодо атайын өнүктүрүү фондорунан акча каражатын ажыратууга айыл өкмөтүнүн салымы катары 2027-жылдын жергиликтүү бюджетинен акча каражаттарын ажыратуу жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсүн угуп, сөзгө чыккан депутаттардын ой пикирлерин, суроо талаптарын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктун жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат;**

1. С.Юсупова айыл аймагынын 5 айылына 2027-жылы жалпы узундугу 7,5 километр болгон жолдорго асфальт төшөөгө айыл өкмөтүнүн салымы катары айыл өкмөтүнүн 2027-жылдын жергиликтүү бюджетинен 18,0 млн (он сегиз миллион) сом акча каражаты ажыратылсын.
2. Айыл аймагындагы орто мектептердин, балдар бакчаларын отказандарын, эшик терезелерин алмаштырууда айыл өкмөтүнүн салымы катары айыл өкмөтүнүн 2027-жылдын жергиликтүү бюджетинен 3,0 млн (үч миллион) сом акча каражаты ажыратылсын.
3. Айыл аймагында 2027-жылда аткарыла турган иштерге акча каржаты суралуучу фондорго атайын долбоорлорду (сметаларын) даярдап, айылдык кеңешинин кезектеги сессиясына киргизүү жагы айыл өкмөтүнүн бөлүм башчы башкы эсепчиси Р.Базарбаевге тапшырылсын.
4. Айыл өкмөтүнүн 2027-жылдын жергиликтүү бюджетинен ажыратылуучу акча каражатын бекитилген тартипте ажыратуу жана максаттуу жумшалышын көзөмөлгө алуу айыл өкмөтүнүн бөлүм башчы башкы эсепчиси Р.Базарбаевге милдеттендирилсин.
5. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
6. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин социалдык-маданий, укук тартип, депутаттык этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясы

**Т О К Т О М**

02.09.2026-жыл №18-7 Араван айылы

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун айыл өкмөтүнүн Ак-Шар участкасындагы № 31, №32, №59, №37- контурларындагы жайыт жерлеринен жалпы аянты 4,0 га жер тилкесинин ичинен 0,70 га жер тилкесине кум шагыл аралашмасын иштеп чыгаруучу завод куруута, 3,30 га жер тилкесинен кум-шагыл аралашмасын казып алып иштетүүгө макулдук сурап жазган билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

Айыл өкмөтүнө Достук айыл өкмөтүнүн тургуну Төрөбаев Расулбай Тилепалдыевич айыл өкмөтүнүн Ак-Шар участкасындагы № 31, №32, №59, №37- контурларындагы жайыт жерлеринен жалпы аянты 4,0 га жер тилкесинин ичинен 0,70 га жер тилкесине кум шагыл аралашмасын иштеп чыгаруучу завод куруута, 3,30 га жер тилкесинен кум-шагыл аралашмасын казып алып иштетүүгө макулдук сурап жазган арызы боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсүн угуп, керектүү документтери менен таанышып, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 5-февралындагы № 43 токтомуну жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Достук айыл өкмөтүнүн тургуну Төрөбаев Расулбай Тилебалдиевичке айыл аймагынын Ак-Шар участкасындагы № 31, №32, №59, №37- контурларындагы жайыт жерлеринен жалпы аянты 4,0 га жер тилкесинин ичинен 0,70 га жер тилкесине кум шагыл аралашмасын иштеп чыгаруучу завод куруута, 3,30 га жер тилкесинен кум-шагыл аралашмасын казып алып иштетүүгө макулдук берилсин.
2. Достук айыл өкмөтүнүн тургуну Төрөбаев Расулбай Тилебалдиевичке айыл аймагынын Ак-Шар участкасындагы № 31, №32, №59, №37- контурларындагы жайыт жерлеринен жалпы аянты 4,0 га жер тилкесинин ичинен 0,70 га жер тилкесине кум шагыл аралашмасын иштеп чыгаруучу завод куруута, 3,30 га жер тилкесинен кум-шагыл аралашмасын казып алып иштетүүгө макулдук берүүдө айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын жер кодексинин жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” мыйзамынын талаптарын сактоо менен тийиштүү ишкана жана мекемелердин корутундуларынын негизинде белгиленген тартипте каралып, макулдук берүү жагы тапшырылсын.
3. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин агрардык,
турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясы

## Т О К Т О М

02.09.2026-жыл №18-8 Араван айылы

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндөгү Балдар паркынын жанында жайгашкан 680,0чарчы метр коммерциялык багытындагы муниципалдык менчиктеги жер тилкесин Башкы план боюнча муниципалдык соода борбору багытына өзгөртүп берүүгө макулдук сурап жазган билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

Айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндөгү Балдар паркынын жанында жайгашкан коммерциялык багытындагы муниципалдык менчиктеги жер тилкесин Башкы план боюнча муниципалдык соода борбору багытына өзгөртүп берүүгө макулдук сурап жазган билдирүүсүн жана айыл аймагын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкка социалдык тирикчилик шарттарды түзүү максатында алып барып жаткан иштери жөнүндө маалыматын угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын жер кодексинин 21 беренесини жана Кыргыз Республикасынын ”Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айылдык аймактын Башкы планы боюнча Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндөгү Балдар паркынын жанында жайгашкан аянты 680,0 чарчы метр коммерциялык багытындагы муниципалдык менчиктеги жер тилкеси багытынан “Муниципалдык соода борбору” багытына өзгөртүүгө макулдук берилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Шаар куруу жана архитектура мамлекеттик долбоорлоо институту башкармалыгынан аталган 680,0 чарчы метр коммерциялык багытындагы муниципалдык менчиктеги жер тилкеси багытынан “Муниципалдык соода борбору” багытына өзгөртүүгө уруксат берүүсү суралсын.
3. Айыл өкмөтүнө кабыл алынган токтомдон келип чыккан тиешелүү иш-чараларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашыруу, жер тилкесинин багытын өзгөртүү боюнча керектүү документтер топтомун Архитектура жана шаар курулуш башкармалыгына кароо үчүн белгиленген тартипте жөнөтүү тапшырылсын.
4. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясы

**Т О К Т О М**

02.09.2026-жыл №18-9 Араван айылы

**С.Юсупова айылдык кеңешинин 2026-жылдын 17-апрелинде кабыл алган №16-5 токтомуна өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө.**

Мангыт айыл өкмөтүнүн тургуну Арапбаев Кеңешбек Эргешович асыл тукум мал чарбасын өнүктүрүүдө мал сарай куруугa жер тилкесин сурап жазган арызы боюнча С.Юсупова айыл аймагындагы Октябрь айылындагы № 557 контурундагы жайыт багытындагы (выгон) жер тилкесинен 1,54 га жери боюнча айылдык кеңешинин 2026-жылдын 17-апрелинде кабыл алынган №16-5 токтомуна өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 21-беренесини жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 11-апрелиндеги № 665 токтомун жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Октябрь айылындагы № 557 контурундагы жайыт багытындагы (выгон) жер тилкесинен 1,54 га жерин мал сарай багытына которууга (трансформатциялоого) макулдук берилсин.
2. Октябрь айылындагы № 557 контурундагы жайыт багытындагы (выгон) жер тилкесинен 1,54 га жерин мал сарай багытына которууга макулдук берүүдө айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” мыйзамынын талаптарын сактоо менен тийиштүү ишкана жана мекемелердин корутундуларынын негизинде белгиленген тартипте каралып, макулдук берүү жагы тапшырылсын.
3. Ушул токтом катталып, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ**
**КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги  XVIII сессиясы

**Т О К Т О М**

02.09.2026-жыл  №18-10                                                                Араван айылы

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн тургуну Д.Х.Шукуралиева айыл аймагынын Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан Кара-Кыз көрүстөнүнүн жер тилкесинен балдар бакчасын курууга жер тилкесин сурап жазган арызы жөнүндөгү  айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсүн жана айыл тургундарынын нараазычылыгын угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын Жер кодексин 21- беренесини жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Айыл аймагынын Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан Кара-Кыз көрүстөнүнүн жер тилкесинен балдар бакчасын курууга макулдук берилбесин.
2. Ушул токтом катталып, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын  Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз  Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик  реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл  өкмөтүнүн  башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага**                                                                **М.И.Мамитов**